**12.00.02 - – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган диссертациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору (12.00.02), профессор Бейшембиев Эсенгул Джумашевичтин**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперттик комиссиясынын мүчөсү Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкү жыйынтыкка келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасында юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуш кылынган Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин кандидаттык диссертациясы Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Көрсөтүлгөн диссертациялык изилдөөдө автор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн теориялык-методологиялык негиздерин, конституциялык-укуктук кепилдиктерин, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүдөгү көйгөйлөрдү жана натыйжада алардын ортосундагы функцияларды кайталануу маселелерин, конституциялык жөнгө салуу принциптерин, мыйзамдардын азыркы абалын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун жакшыртуу жолдорун карайт. Автор практикалык аспекттерге көңүл буруп, эл аралык тажрыйбаны талдап, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын жакшыртуу боюнча системалуу чараларды сунуштайт, бул толугу менен 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортуна жооп берет.

**2. Изилдөөнүн максаты** - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруучулук

негиздерин ар тараптуу талдоо, көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгүн, белгилерин жана маңызын аныктоо.
2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизин түзгөн конституциялык принциптерди изилдөө;
3. Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук негиздерин пайда болуусун жана өнүгүүсүн талдоо.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн жана ыйгарым укуктарын изилдөө менен аларга карата сунуштарды иштеп чыгуу.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар менен чектешүүсү боюнча укуктук көйгөйлөрдү аныктоо жана мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарга талдоо жүргүзүү.
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү мыйзамдуулуктун акарылышын, тартиптин сакталышын жана жоопкерчиликке тартуунун укуктук негиздерин жана андагы көйгөйлөрдү аныктоо.
7. Административдик-аймактык реформанын жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында пайда болгон көйгөйлөрдү изилдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган мыйзам актыларын изилдөө жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана алардын уюштуруучулук негиздери болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын статусун, ыйгарым укуктарын, уюштуруучулук түзүмүн жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин жөнгө салуучу конституциялык-укуктук нормалар.

**Изилдөө усулдарынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Изилдөөнүн усулдук негизин ченемдик-укуктук актыларды анализдөө жана синтездөө; илимий эмгектерди изилдөө, жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун чет элдик тажрыйбасына салыштырма-укуктук усулду колдонуу менен изилдөө; формалдуу-укуктук усул – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын талдоо; тарыхый-укуктук усул – Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эволюциясын изилдөө;

системалык анализ – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн жана алардын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүн изилдөө.

**2.2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруучулук негиздерин комплекстүү изилдөө зарылдыгын аныктаган бир катар жагдайлар менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында өз алдынча институт катары бекитилген жергиликтүү өз алдынча башкаруу элдик бийлик принциптерин ишке ашырууну, децентрализацияны, жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын коргоону жана коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууну камсыз кылган башкаруу системасынын маанилүү звеносу болуп саналат. Коомду демократиялаштыруу жана укуктук мамлекетти чыңдоо шарттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук жөнгө салынышын өркүндөтүү зарыл болуп калууда.

Конституциялык кепилдиктерге карабастан, практикада төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталган: мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын так ажыратуунун жоктугу, функциялардын кайталанышы, каржылык ресурстардын чектелүүлүгү, кадр жетишсиздиги, ошондой эле муниципалдык кызматкерлердин кесиптик даярдыгынын жетишсиздиги. Бул көйгөйлөр өзгөчө 2024-жылдагы административдик-аймактык реформа, административдик бирдиктердин ирилиги жана жергиликтүү деңгээлде башкарууну уюштуруу жана укуктук жөнгө салуу үчүн жаңы чакырыктар менен коштолгондон кийин курч мүнөзгө ээ болду.

Башкарууну модернизациялоо жана санариптештирүү шарттарында, глобалдык чакырыктардын күчөшү жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарылдыгы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуу ишмердүүлүгүн конституциялык-укуктук камсыздоонун мааниси жогорулайт.

Ошентип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздерин изилдөө Кыргыз Республикасында башкаруу системасын реформалоонун, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жана демократиялык мамлекетти куруунун актуалдуу муктаждыктарына жооп берет.

**Диссертацияда коюлган ар бир маселени чечүүнүн зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттык маалыматтарды сынчыл талдоонун деңгээли жана толуктугу.** Диссертациялык изилдөө боюнча иштин жүрүшүндө автор бир катар илимий булактарды изилдеп, ар кандай таануу ыкмаларын кеңири колдонгон, бул коюлган максаттарга жана милдеттерге ылайык жарыяланган теманы ачууга мүмкүндүк берген. Диссертациялык иш

фундаменталдуу жана жаңычыл мүнөзгө ээ, анын түзүмү тактык жана толуктук менен айырмаланат.

Жогоруда айтылгандарга таянып, изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убагында жүргүзүлгөн деген жыйынтык чыгарууга болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште төмөнкү жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалар көрсөтүлгөн, алардын жыйындысы юридикалык илимдин өнүгүшү үчүн маанилүү мааниге ээ.

**1-натыйжа.** «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары» түшүнүгүнүн автордук аныктамасы иштелип чыккан, бул өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдар катары конституциялык-укуктук статусунун алкагында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн, коомдук бийлик менен жарандык катышуунун ортосундагы балансты камсыз кылган. Натыйжада, төмөнкү автордук аныктаманы сунуштаган: *«Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – бул жергиликтүү коомчулукта өз ыйгарым укуктарынын негизинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында түзүлгөн өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары»*.

**2-натыйжа.** Диссертацияда, автор тарабынан Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштешинин укуктук жана уюштуруучулук негизин камсыз кылган конституциялык принциптердин топтору системалаштырылып жана бөлүнүп көрсөтүлгөн.

**3-натыйжа.** Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын так ажыратууга багытталган сунуштар комплекси иштелип чыкты, бул жергиликтүү деңгээлде башкаруу системасынын натыйжалуу иштешинин негизги шарты болуп саналат. Автор ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү механизмин мыйзам деңгээлинде бекитүүнүн зарылдыгын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугунун конституциялык принципин эске алуу менен негиздеген.

**4-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын калк тарабынан шайлоо же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын макулдугу менен гана дайындоо боюнча автордун сунуштары иштелип чыккан, анын ичинде шайланган жетекчилерди милдеттүү түрдө окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча илимий негиздүү сунушу берилген.

**5-натыйжа.** ААРдин кесепеттерин, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу, ыйгарым укуктарды жана административдик бирдиктердин чектеринин аныкталышындагы укуктук

карама-каршылыктарды терең талдоо жүргүзүлгөн. Бул көйгөйлөрдү жоюу, өзгөртүлгөн башкаруу структурасына ЖӨБдү ыңгайлаштыруу үчүн нормативдик базаны түзүү, жергиликтүү өкүлчүлүктүү органдардын легитимдүүлүгүн жана функционалдуулугун жогорулатуу боюнча сунуштар иштелип чыккан.

**6-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан мыйзамдарга жана ыйгарым укуктарды делегирлөө практикасына талдоо жүргүзүлүп, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн так механизмдеринин жоктугу, материалдык жана каржылык камсыздоонун жетишсиздиги, координациянын жана көзөмөлдүн алсыздыгы көйгөйлөрү аныкталган.

**7-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги көйгөйлөрүн талдоонун негизинде аларды жоюу боюнча чаралардын комплекси сунушталган, анын ичинде муниципалдык кызматкерлерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча улуттук программаны иштеп чыгуу, жогорку окуу жайлардын базасында адистештирилген окуу борборлорун түзүү, кесиптик компетенттүүлүк стандарттарын иштеп чыгуу сунушу берилген.

**8-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесине Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын туруктуу түзүмүн киргизүү боюнча сунуш берилген. Анда айыл башчысынын функцияларын жана анын кеңештердеги катышуу укуктарын конституциялык деңгээлде бекемдөө сунушталган. Бул туруктуулукту жана укуктук макамдын аныктыгын камсыз кылынаары негизделген.

**9-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана мамлекеттик администрацияны жөнгө салуучу мыйзамдарды эки өзүнчө мыйзамга бөлүү боюнча концепция иштелип чыккан. Бул өзгөртүү конституциялык принциптерге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугун жана укуктук макамын бекемдөө максатында сунушталган.

**3.1. Алынган натыйжалар заманбап юридикалык илимдин алкагында илимий жаңылыкты мүнөздөйт, ал төмөнкүлөрдөн турат:**

*1- натыйжа.* **Жаңы** болуп саналат, анткени автор тарабынан бул багыттагы мурдагы теориялык иштелмелердин негизинде иштелип чыккан.

*2 - натыйжа.* **Салыштырмалуу жаңы,** анткени автор мурда иштелип чыккан концепцияларды жалпылоо аркылуу өзүнүн көз карашын сунуштайт.

*3- натыйжа.* **Салыштырмалуу жаңы,** анткени автор тарабынан мурда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү изилдөө жана талдоо менен сунушталган.

*4 - натыйжа.* **Салыштырмалуу жаңы,** анткени автор тарабынан мурдагы жоболордун негизинде сунушталган.

*5 – натыйжа.* **Жаңы** болуп саналат, анткени автор тарабынан бул сунуш биринчи жолу иштелип чыккан.

6 - *натыйжа.* **Жаңы** болуп саналат, анткени автор мурда иштелип чыккан концепцияларды жалпылоо аркылуу өзүнүн көз карашын сунуштайт.

*7 – натыйжа.* **Жаңы** болуп саналат, анткени автор тарабынан диссертациялык изилдөө алкагында биринчи жолу сунушталган.

*8 - натыйжа.* **Жаңы** болуп саналат, анткени Конституциянын 112-беренесине ЖӨБ органдарынын түзүмүн толуктап киргизүү боюнча конкреттүү сунуш иштелип чыккан.

*9 – натыйжа.* **Жаңы** болуп саналат, анткени автор тарабынан диссертациялык изилдөө алкагында биринчи жолу сунушталган.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө**

Диссертациялык иште түзүлгөн натыйжалар жана тыянактар жетиштүү негизделген жана ишенимдүү, бул колдонулган методологиялык аппарат менен аныкталат.

**1- натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, формалдуу-укуктук жана системалык анализ усулдары, Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарынын түшүнүктүк аппаратын изилдөө, чет элдик укуктук доктрина менен салыштыруу аркылуу түзүлгөн, бул укуктук белгисиздикти жоюучу аныктаманы сунуштоого мүмкүнчүлүк берди.

**2 - натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени конституциялык жоболордун, учурдагы мыйзамдардын анализи, ошондой эле чет элдик тажрыйбанын салыштырмалуу анализи жүргүзүлдү. Бул сунушталган классификациянын практикалык колдонулушун тастыктап, нормативдик базаны структуралоого мүмкүнчүлүк берди.

**3 - натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени мыйзамдардын, укук колдонуу практикасынын анализине, кайталанган функцияларды аныктоого, формалдуу-логикалык жана салыштырмалуу-укуктук методдорду колдонууга таянат. Бул сунуштардын теориялык жана практикалык негиздүүлүгүн тастыктайт.

**4 - натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени КР мыйзамдарынын, анын ичинде Конституциянын, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын анализине, эл аралык практика, анын ичинде европалык өлкөлөрдүн тажрыйбасы менен салыштырууга негизделет.

**5 - натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, нормативдик документтердин эмпирикалык изилдөөсү, КР Президентинин Жарлыктарынын анализи, реформа учурунда аныкталган укуктук коллизиялар менен тастыкталат. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун системасын адаптациялоо боюнча иштелип чыккан сунуштардын ишенимдүүлүгүн тастыктайт.

**6 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени КРнын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамын изилдөө, эл аралык практика менен салыштыруу, берилген ыйгарым укуктарды

координациялоо жана ресурстук камсыздоо боюнча алсыз жактарды аныктоо натыйжасында алынган, бул тыянактардын далилдүүлүгүн камсыздайт.

**7 - натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени муниципалдык органдардын кадрдык абалын анализдөөгө, кадрларды даярдоо системасынын учурдагы абалын баалоого, мыйзамдардын укуктук анализине, ата мекендик жана чет элдик тажрыйбага таянуу менен практикалык сунуштарды иштеп чыгууга негизделет. Бул натыйжалардын илимий жана практикалык негиздүүлүгүн тастыктайт.

**8 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени Конституциянын жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын нормалары, эл аралык практика жана Кыргызстандын шарттары талданып, айыл башчысынын макамын бекемдөө боюнча сунуштар иштелди.

**9 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени мыйзамдарды эки өзүнчө мыйзамга бөлүү концепциясы Кыргызстандын конституциялык принциптерине жана эл аралык тажрыйбага ылайык иштелип чыкты.

**3.3. Диссертациялык иштин теориялык мааниси**

Диссертациялык иштин теориялык мааниси, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана иштешин системалуу жана комплекстүү изилдөө болуп саналат. Изилдөөнүн системалуу жана комплекстүү мүнөзү анын жыйынтыктарынын конституциялык жана муниципалдык укук илими үчүн, ошондой эле тармактык юридикалык илимдердин өнүгүшү үчүн маанилүүлүгүн аныктайт.

Иште баяндалган жыйынтыктар жана жалпылоолор Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көйгөйлөрүн жана коомдук бийлик системасын өнүктүрүүнү андан ары изилдөө үчүн методологиялык негиз болуп кызмат кыла алат.

Диссертацияда автордун юридикалык илимге жеке салымын тастыктаган ички биримдикке ээ жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор камтылган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун учурдагы көйгөйлөрүн чечүүнүн сунушталган жаңы ыкмалары жетиштүү деңгээлде негизделген жана сынчыл бааланган.

Диссертациянын теориялык жоболору конституциялык жана муниципалдык укуктун заманбап илимин өнүктүрөт. Алынган жыйынтыктар жана сунуштар Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көйгөйлөрүн андан ары изилдөө, мыйзамдарды өркүндөтүү, укук чыгаруу, интерпретациялоо жана жергиликтүү бийлик органдарынын укук колдонуу ишмердүүлүгү үчүн колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда жасалган жыйынтыктар жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун айрым аспектилерин кайрадан түшүнүүгө

көмөктөшөт, бул темадагы мындан аркы илимий изилдөөлөр үчүн методологиялык негиз түзүп, жардам көрсөтө алат.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин юридикалык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы илимий-квалификациялык иш катары жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же актуалдуу илимий багыттардын бирин концептуалдык өнүктүрүү жана принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтуу сыяктуу квалификациялык белгилерге шайкеш келет, анткени анын ичинде камтылган тыянактар, практикалык сунуштар жана сунуштар конституциялык-укуктук маселелерди изилдөө боюнча концептуалдык ыкмаларды өркүндөтүү үчүн, ошондой эле укуктук чыгармачылык жана укукту колдонуу практикасы, коомдогу өзгөрүүлөр жана реформалар стратегиясын иштеп чыгууда жана бул чөйрөдөгү мамлекеттин укуктук саясатын ишке ашырууда колдонулушу мүмкүн.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси, теориялык жоболор жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштурулушу жана иштешин жөнгө салуучу нормативдик-укуктук базаны өркүндөтүү процессинде мындан аркы илимий изилдөөлөр үчүн база катары кызмат кыла аларында жатат.

Изилдөөнүн бир катар жоболору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун бекемдөөгө, алардын көз карандысыздыгын камсыздоого жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү процессинде жарандардын укуктарын натыйжалуу коргоого багытталган жаңы нормативдик укуктук актыларды оптималдаштыруу жана иштеп чыгуу боюнча мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн.

Мындан тышкары, алынган жыйынтыктар кесиптик укуктук билим берүү системасына киргизилип, жогорку окуу жайларынын жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо мекемелеринин лекциялык жана практикалык базасына кошулушу мүмкүн. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү адистердин укуктук маданиятын жана компетенттүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине толук шайкеш келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеге ээ.

**6. Эскертүүлөр:**

Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш менен таанышуу учурунда айрым эскертүүлөр аныкталды:

1. Жактоого чыгарылып жаткан негизги жоболордун баарын так жана кыска кылып кайрадан иштеп чыгуу маселесин карап көрүү;

2. Жактоого чыгарылып жаткан негизги жоболордо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бири-бирине бириктирүү аркылуу, кыскартуу маселесин карап чыгуу;

3. Ар бир глава боюнча кыскача корутунду чыгаруу маселесин эске алуу.

Ошону менен бирге, келтирилген эскертүүлөр диссертациялык иштин жалпы сапаты менен мазмунуна шек келтирбейт жана сунуштама мүнөзүндө берилди.

**7. Сунуштар**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү Бейшембиев Эсенгул Джумашевичтин изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиевдин кандидаттык диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

- **жетектөөчү уюм катары** Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин «Юриспруденция жана эл аралык укук» кафедрасын дайындоо; Адреси: Бишкек ш., Чуй пр.255

- **биринчи расмий оппонент катары** - Бейшембиев Э.Дж., юридикалык илимдердин доктору (12.00.02), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Юридикалык институтунун мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору, изилдөө маселесине жакын эмгектери бар:

1. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызская Республика и современное международное право. Монография.-Б.:Алтын принт.2020.-244 с.

2. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызстан – от кочевого к современному государству. – Б. Вестник КГЮА. - №2. – 2008. – С. 16-20

3. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызстан и международные договоры. – Научные труды. Эдилет. – Алматы. - №2 – 2012.- С.102-105.

- **экинчи расмий оппонент катары** – Сатимкулов Убайдулла Акилбекович, юридикалык илимдердин кандидаты (12.00.02), Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы, изилдөө маселесине жакын төмөнкү эмгектери бар:

1. Сатимкулов У.А. Некоторые аспекты полномочий Президента Кыргызской Республики, касающиеся вопросов гражданства // Вестник КРСУ. 2017. Том 17. № 6

2. Сатимкулов У. А. Обжалование решения по вопросам гражданства // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2016. №12-3.
3. Сманалиев К. М., Сатимкулов У. А. Возбуждение дела о гражданстве Кыргызской Республики // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2016. №12-3.

**8. Сунуштамалар**

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери камсыз кылуу тажрыйбасын жана аны жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны андан ары жакшыртуу үчүн каралып жаткан тема боюнча изилдөөлөрдү улантуу сунуштамасы берилет.

**9. Корутунду**

Кыдыралиев Жаныбек Болотович тарабынан алынган натыйжалар изилденген маселелердин алкагында ички биримдик жана натыйжалардын байланышы менен мүнөздөлөт.

Диссертацияда түзүлгөн илимий жоболор, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар ишенимдүү булактарга, ата мекендик жана чет элдик мыйзамдарды, ошондой эле укук колдонуу практикаларын талдоого негизделген.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына ылайык келет жана анын максаттары жана милдеттери менен аныкталат.

Диссертациялык изилдөөдө ички биримдикке ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган, бул автордун юридикалык илимге жеке салымын көрсөтөт.

Учурдагы маселелерди чечүүнүн сунушталган жаңы жолдору жетиштүү деңгээлде негизделген жана сынчыл бааланган. Диссертациялык кеңешке сунушталган диссертациянын электрондук варианты диссертациянын кол жазмасына ылайык келет.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, профессор Бейшембиев Эсенгул Джумашевич, сунушталган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн **Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана**

**уюштуруучулук негиздери»** аттуу диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**Юридика илимдеринин доктору, профессор** **Э.Дж. Бейшембиев**

*Эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктайм:*

**Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С. Жылкичиева**

**«___»_______________ 2025ж.**